УДК: 37

*Мааткеримов Н. О., пед. илимд. докт.*
*Ж. Баласагын ат. КУУ,*
*Сулайманов С. Э., окутуучу*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ,*
*Кыргызстан*

## ӨЛКӨБҮЗДҮН ЖАШ МУУНДАРЫН УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАРДЫН НЕГИЗИНДЕ ТАРБИЯЛООНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖӨНҮНДӨ

*Макалада азыркы коомдо жаштарды руханий, адеп-ахлактык жана дене тарбиялоонун улуттук баалуулуктарын өнүктүрүүнүн багыттарын маданий жетишкендиктердин негизинде калыптандырууга жана жайылтуу маселелерин талдоого алуу максаты көздөлдү. Өнүккөн өлкөлөрдүн билим берүү менен тарбиялоо системасында жана педагогикалык илимде жаңылоонун жолдору, заманбап тенденциялары, натыйжалары боюнча атактуу инсандардын көз караштары белгиленди. Кыргыз эпосу менен прозасында адамдардын адеп-ахлактык жүрүм-турумдарынын тарыхый мисалдары келтирилген. Республиканын демократиялык мүнөзүн жана экономикасын бекемдөө, андан ары өнүктүрүү үчүн элдик руханий мурастарын калыптандырууда акыл-эстүүлүккө, мекенчилдикке, улуулар менен аялзатын урматтоого этнопедагогикалык таалим-тарбиялоонун алдыңкы традицияларын жаштарга кеңири жайылтуу багыттары сунушталды.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *адеп-ахлактык жана дене тарбиялоо, жаштардын рухий дүйнөсү, чет өлкөлүк тенденциялар, азыркы көйгөйлөр, элдик каада-салттар, маданий мурастар, элдик педагогика.*

*Мааткеримов Н. О., докт. пед. наук*
*КНУ им. Ж. Баласагына,*
*Сулайманов С. Э., преподаватель*
*ИГУ им. К. Тыныстанова,*
*Кыргызстан*

## О ПРОБЛЕМАХ ВОСПИТАНИЯ МОЛОДОГО ПОКОЛЕНИЯ СТРАНЫ НА ОСНОВЕ НАЦИОНАЛЬНЫХ ЦЕННОСТЕЙ

*В статье поставлены цели – проведение анализа вопросов формирования направлений духовного, нравственного и физического воспитания молодежи в современном обществе и развитие национальных ценностей на основе достижений культуры. Отмечены взгляды выдающихся личностей педагогической науки развитых стран по обновлению системы образования, воспитания и по способам модернизации, современным тенденциям, положительным результатам. Приведены исторические примеры нравственных поведений людей из прошлого на примере кыргызского эпоса и прозы. Для укрепления демократического характера и экономики республики и дальнейшего развития предложены рекомендации по формированию народного духовного наследия, патриотизма, уважения старших и женщин, широкого распространения лучших традиций этнопедагогического воспитания молодого поколения.*

***Ключевые слова:*** *нравственное и физическое воспитание, духовный мир молодежи, зарубежные тенденции, современные проблемы, народные традиции, культурное наследие, народная педагогика.*

*Maatkerimov N. O., doctor of pedagogical sciences*
*Kyrgyz National University named after J. Balasagyn,*
*Sulaimanov S. E., Issyk-Kul State University named after K. Tynystanov,*
*Kyrgyzstan*

## THE PROBLEMS OF EDUCATING THE YOUNG GENERATION OF THE COUNTRY ON THE BASIS OF NATIONAL VALUES

*The article sets goals jn the basis of the achievements of culture and the development of national values to analyze the formation of the directions of spiritual, moral and physical education of young people in modern society. The vievs of prominent personalities on updates in the education system, upbringing and pedagogical science of developed countries in terms of modernization methods, modern trends, and positive results are noted. Historical examples of moral behavior of people from the past in the Kyrgyz epic and prose are given. To strengthen the democratic character and economy of the republic and further development, recommendations were proposed on the formation of a national spiritual heritage, patriotism, respect for elders and women, wide dissemination of the best traditions of ethnopedagogical education of the yonger generation.*

***Key words**: Moral and physical education, spiritual youth, foreign trends, contemporary problems, folk traditions, cultural hertage, folk pedagogy.*

Республикабыздын эгемендүүлүк менен алышы орто жана жогорку билим берүүчү мекемелерде окуу-тарбиялоо иштерин улуттук баалуулуктардын негизинде жүргүзүү идеялары көтөрүлүп, эне тилибизге мамлекеттик тил статусунун берилиши ж. б. зор өзгөрүүлөр педагогика илимине жаңы багыттарды ачып берүүдө. Бүгүн эгемендүүлүк жана демократиянын алдыңкы жетишкендиктерин элибиздин адеп-ахлактык, руханий, дене тарбиялоо жана маданий салттары менен шайкеш келтирүү милдеттери турат. Ошондой эле кыргыз мамлекеттүүлүгүн бекемдөө көп улуттуу калкыбыздын таалим-тарбиялоо системасында кайра жаралуу процесси менен тыгыз байланышта болот.

Азыркы педагогдордун башкы милдеттери болуп жаш муундарга этнопедагогиканын маданий мурастарын туура жеткирүү, андагы адамгерчилик баалуулуктар менен каныктырып тарбиялоо, ата-бабалардын тарыхый тажрыйбасына урмат-сый менен мамиле кылып, өзүнөн кийинки муундарга өрнөгүн үйрөтүү, дөөлөтүн кемитпей өткөрүп берүү саналышы зарыл [1].

Коомдук өнүгүүнүн тарыхы көрсөткөндөй, экономикалык өсүштүн динамикасы жарандардын интеллектуалдык жана руханий дараметинен көз каранды болууда. Азыр билим берүү, таалим-тарбия жана маданият чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты өркүндөтүү өзгөчө зарыл болгону менен, экономикалык кризистин кесепетинен иш жүзүндө аларды өнүктүрүүгө жетиштүү көңүл бурулбай жаткандыктан, аталган инфраструктура азыркы талаптарга төп келбей калганына күбөбүз. Өзгөчө, жаңы усулдар жана идеялар жок болгондуктан, Кыргызстандын жаштары үчүн прогрессивдүү руханий, адеп-ахлактык, моралдык жаңы багыттар калыптанбай келе жатат. Мындай көрүнүш, бир жагынан, жаш муундун көпчүлүгүндө руханий бoштукту пайда кылып, бөтөн, көбүнесе ашынган диний агымдардын, батыш жашоо образдарын ж. б. терс жактары ээлеп алышын шарттап жатат [2].

Ааламдашуу доорунда адамзаттын турмушундагы жаңы муунду таалим-тарбиялоонун теориялык пайдубалы тынымсыз жаңыланып жана коррекцияланып турат. Мындай процесске бир топ маанилүү факторлор: окуучуларга керектүү билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр жана компетенциялардын мазмуну менен

көлөмдөрүнүн тынымсыз өсүшү, жаш куррактын табиятын изилдөөнүн натыйжалары, билим берүүчү мекемелердин ишмердик тажрыйбасы, илим, маданият, техника жана технологиялардын өнүгүшү ж. б. таасир көргөзөт.

Ар бир өлкөдөгү тарбиялоонун максатын жана маанисин аңдап-түшүнүү үчүн алардын улуттук традицияларын эске алуу зарыл. Мисалы, Англияда тарбиялоону, баарынан мурда, келечектеги социалдык абалга карата баалашат. Улуу Британиянын Билим берүү боюнча улуттук комиссиясынын баяндамасында натыйжалуу тарбиялоонун башкы милдети болуп «ийгиликтерге жетүүнү үйрөтүү» саналат.

Германия менен Францияда интеллектуалдык тарбиялоого өзгөчө маани берилгендиги байкалат. Педагогикалык процесстин коомдук мүнөзүнө ынанган Э. Дюркгеймдин пикири боюнча, мектептин ишмердүүлүгү чөйрө талап кылган нравалык, интеллектуалдык, ден соолуктук сапаттардын белгилүү топтомун өнүктүрүүгө багытталуу керек. Ал эми бул өлкөнүн XIX кылымдагы белгилүү канцлери Отто фон Бисмарк айткан экен: «Билим берүүгө каражатты үнөмдөгөн мамлекет кийин түрмөлөрдү курдура баштайт», - деп. Э. Шартьенин сунушуна карата тарбиялоодо, баарынан мурда, өспүрүмдүн социалдык чөйрөгө катышуу процессин эске алуу, б. а., инсандын бойго жетүүсүн эске алыш керек. Аталган эки педагогдун ойлору боюнча, мектептин классы мугалимдин акылдуу жетекчилиги менен жакшы педагогикалык чөйрө – «балдар эли» болуп эсептелет [4]. Илгери француздардын императору атактуу Наполеон Бонапарттын «Империянын тагдыры мугалимден көз каранды болот» деген пикири белгилүү болгон. Андан мурда философ, педагог, жазуучу Ж. Ж. Руссо: «Баланы тарбиялабай эле кой, өзүңдү тарбияла, ал баары бир сага окшош болот», - деген экен.

Америка Кошмо Штаттарында тарбиялоого прагматикалык мамиле кылышат. Мисалы, гуманисттик психологиялык мектептин лидерлери А. Маслоу жана К. Роджерс билим берүү дегумандаштыруу процессине байланыштуу болуп кетерине өтө кооптонушат [5]. Ошондуктан алар мектеп окуучусунун инсандыгына кылдаттык менен мамиле кылуу дегенине бекем турушат. Ал эми мугалимди өзүнүн окуучуларына башкаруучу болуу традициясынан алыстоону сунушташат жана балдардын кызыгуулары менен керектөөлөрүн дайыма эске алып, жанаша жүрүүгө чакырышат. «Педагогикалык технологиялар» теориясы тарбиялоо процессин ар бир мектеп окуучусуна оптималдуу түрдө куруу идеясына көңүл бурат. Америкалык педагогдордун кай бирлери мындай колдоону «түстүү» окуучуларга өзгөчө маанилүү болот деп эсептешет, анткени булардын азыраак өнүгүшү этникалык себептен эмес, социалдык абалдан келип чыгат («колунда барларга караганда, жакырлар азыраак интеллектуалдуу болушат»).

Японияда тарбиялануучулуктун культу көпчүлүк учурда буюм-тайымдык философияны салттуу түрдө кабыл албоочулук менен айкалыштырылат. Профессор Огава баланын кызыкчылыгын биринчи орунга койгон концепцияларды өтө жактырбайт. Анын божомолуна ылайык, окуучунун табиятын көтөрмөлөө тарбиялоонун мүмкүндүгү менен жыйынтыгын тарытат деп эсептейт. Анткени балдарга айлана-чөйрөнүн көп кырдуулугу толук жетпей калат, ошондуктан алар дүйнөнүн сүрөттөлүшүн өздөштүрүүсүн жалаң социум аркылуу тарбиялоо зарыл, б. а., тарбиялоо, биринчи кезекте, коомдук болууга тийиш. Япон элинде: «Билим берүү

кымбат турат, ал эми сабатсыздык андан дагы кымбат болот», - деген парадоксалдуу терең ой айтылат.

Россия Федерациясынын Президенти билим берүү системасынын алдына глобалдуу атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү камсыздоо боюнча маанилүү милдетти – жакынкы арада өлкөнү жалпы билим берүүнүн сапаты боюнча дүйнөнүн алдыңкы 10 мамлекетинин арасына жеткирүүнү койгон. Эң негизгиси, академиялык предметтиктерден тышкары, окуучулардын көңүлүн «өтмө» метапредметтик жана инсандык натыйжаларга буруу менен, базалык сабаттуулуктарды жана компетенцияларды калыптандыруу зарыл. Бул позициядан алганда, педагогдор окуучуларын «4К–компетенциялар» бирдиктүү алкак түрүндө коюлган «XXI кылымдын көндүмдөрүнө»: сынчыл ой жүгүртүү, креативдүүлүк, коммуникациялар жана кооперацияга (командада иштөө) даярдоо зарыл [3]. Бул концепция биздин республикабыздын билим берүүсүнүн мамлекеттик стандартынын максаттарына жооп берип, «окуганга үйрөтүү» түйүндүү компетенциясына окуучулардын таанып-билүү, жалпы маданияттуу жана инсандык өнүктүрүүгө ээ болуусун камсыздандырат.

Мындан тышкары, Орусияда атамекендик маданиятты сиңирген жогорку рухий мүдөөлөрдүн традициялары уланууда. Бирок бир топ педагогдор улуттук салттарга ылайык тарбиялоону «инсанды калыптандыруунун максаттуу багытталган процесси» катары түшүнүшөт. Тарбиялоонун максаты катары коомдун объективдүү талабын жүрүш-туруштун субъективдүү нормасына айлануусу эсептелет. Андан сырткары, тарбиялоодо коомдук жекечеликтүүлүк көрсөтүлгөндүктөн, келечекте инсандын жамаат менен интеграциялоосу болуп өтөт.

Россиялык педагог В. Е. Гмурмандын пикири боюнча, адамда жаратылыш тарабынан ар түрдүү типтеги рефлексиялар коюлгандыктан, алар тарбиялоону социалдаштыруу процесси катары жеңилдетет же татаалдандырат. Тарбиялоодо социалдык биринчи даражада болгондугуна басым кылып, ал процесс жамааттан инсанга багытталганын айтуу туура деп эсептеген. Гумандуу тарбиялоонун идеяларын жактаган белгилүү педагог Е. В. Бондаревская заманбап тарбиялоону «баланын өмүрүнө сиңирилген, бирок анын үстүнөн басым кылбаган» процесс деп караган. Ошондуктан анын сунуштоосу боюнча балага турмуштун субъектиси катары мамиленин негизинде анын турмуштук көйгөйлөрүн чечүүгө жардам берүү зарыл жана психологиялык, педагогикалык колдоо менен өздүк тандоосуна, жеке имиджине, өзүн-өзү идентификациялоосуна демилге бериш керек [3]. Белгилүү россиялык артист З. Е. Гердттин көркөмдүү салыштыруусу боюнча, «Мугалим, дарыгер жана актер – булар кесип эмес, бул – тагдыр».

Дүйнөдөгү эң көп калктуу мамлекет болгон биздин коңшулаш Кытай Эл Республикасында мектеп окуучуларын таалим-тарбиялоодо кийинки учурда олуттуу өзгөрүүлөр жүрүп жатат. Массалык маалымат каражаттарынын билдирүүлөрүнө ылайык, тартип жана эмгекчилдиги менен айырмаланышкан кытайлар жаштардын окуу жүктөмүн жана мектептен тышкаркы кошумча билим берүү мекемелериндеги иш-чаралардын көптөгөн түрлөрүн кескин түрдө кыскартууда. Анын ордуна үй-бүлөлүк, ата-эненин тарбиялоо убактыларын көбөйтүү менен, усулдардын аракеттүүлүгү жана натыйжалуулугун күчөтүүгө зор маани берилүүдө. Кытайлык байыркы ойчул, философ, акылманы Конфуцийдин: «Эгер кааласаңар, мээримдүү болгула, эгер боло алсаңар, акылдуу болгула, бирок ден соолукта ар дайым болушуңар керек» жана «Эскини бузуп, жаңы нерсеге умтулууну билген адам мугалим-тарбиялоочу боло алат», - деген афоризмдери белгилүү.

Кыргызстанда акыркы жылдары болуп жаткан өзгөрүүлөргө байланыштуу, коомдо руханий, адеп-ахлактык жана дене тарбиялоонун баалуулуктарынын өзөгүн коомдогу моралдык аң-сезимге, жашоодогу жогорку максаттарга жараша калыптандыруу, ызаттуу жүрүм-турум көнүмүштөрүн пайда кылуу, ошондой эле өз элинин каада-салттарынын прогрессивдүү үлгүлөрүн сактоо, байытуу, жайылтуу, башка улуттардын үрп-адаттарын урматтоого тарбиялоо дээрлик түзүлүп жаткандыгын айгинеледи. Союз учурундагы өлкөбүздө пландуу экономиканын пайдалуу жактарынын бири – Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогикалык адистиктеринин бүтүрүүчүлөрүнө, Кыз-келиндер педагогикалык институту, Пржевальскидеги пединститут жана Оштогу пединституттун бүтүрүүчүлөрүнө райондордон келген өтүнмөлөр аркылуу министрликтен жолдомо берилчү. Союз кезде эркек мугалимдердин саны мектепте жамааттын жарымынан жогору бөлүгүн түзчү, себеби кээде жаш жубайлар пединститутту бүтүрүп, экөө тең мектепте иштешип, алардын алган маянасы жашоого кенен жетиштүү болгон. Союз тараганда, кризис убактарында, кээде айлык акы берилбей калганда, алардын тың иштеген көпчүлүгү соодага, бизнеске, курулушка ж. б. кесиптерге өтүп кетишкен. Бүгүн болсо Жалпы республикалык тестилөөдө 160 упайдан жогору алган мектеп бүтүрүүчүлөрү эч убакта мугалимдик кесипти тандабайт, анткени алар азыркы кезде престиждүү юридикалык, экономикалык, бизнес, эл аралык катнаштар, туризм ж. б. адистиктерге өтүшөт. Ал эми педагогикалык ЖОЖдордун контракт бөлүмүнүн көпчүлүк бүтүрүүчүлөрү мектепке иштегени барышпайт (2020-2021-окуу жылына карата республиканын мектептеринде 700гө жакын мугалимдик орундарга вакансия болгон). Ошондуктан, эң башкысы, мугалимдин эмгек акысын жакшылап көтөрмөйүнчө, окуучулардын билим сапаты жогорулабайт, ошондой эле «жаш мугалимдин депозитин» кайра киргизүү зарыл. Андан тышкары, колунда бар ата-энелердин балдар-кыздары Бишкектеги «элиталык» эл аралык ЖОЖдордо, болбосо жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө жогорку билим алууну көздөп кетишет.

Этнопедагогикага байланыштуу изилдөөлөр тигил же бул конкреттүү элдин таалим-тарбия өзгөчөлүгүн идеалдаштыруудан алыс боло албай, ошол эле мезгилде этнопедагогиканы жалпы маданияттаануу алкагында, маданияттын туундусу катары кароо керектигине басым жасашат. Этнопедагогиканы ушундай чечмелөө анын улуттук психологияны же улуттук менталдуулукту чагылдырып, тигил же бул этностун тарыхый-социалдык жана маданий өнүгүүсүнүн туундусу болуу менен, келечек муунду социалдык жактан жетиштирүүдөгү парадигмалык багыт берүүчү, таалим-тарбиянын мазмуну, каражаты менен ишке ашыруу жолдорун чагылдыруучу система экендигинен кабар берет. Элдик тарбиянын мазмуну, максаты жана милдеттери – пейил-мүнөздү, адеп-ахлакты, акыл-эсти, ден соолукту сактоо, чыңдоо, эстетикалык табитти өстүрүү ж. б. Ал эми тарбиялоонун факторлору, усулдары катары жаратылыш, эне тил, эмгек, каада-салт, элдик өнөр, турмуш-тиричилик каражаттары кызмат кылат.

Кыргыз элинин кенч казыналары, булактары – уламыш, болмуштар, дастандар, жомоктор, макал-лакап, табышмактар, ыр-күүлөр, колдонмо-көркөм өнөрү, санжыралар. Элдик тарбиялоонун ыкмаларына түшүндүрүү, ынандыруу, өрнөк, ишеним, өтүнүч, кеңеш, алкыш, бата, эскертүү, көндүрүү, тыюу ж. б. кирет. Аталган таалим-тарбия системасын жүзөгө ашыруучу элдик тарбиячыларга ата-эне, карыялар, уста-уздар, мүнүшкөр-саяпкерлер, акын-жомокчулар, манасчылар, санжырачылар

кирген. Өзгөчө белгилей турган нерсе – кыргыз үй-бүлөсүндөгү ынтымактуулукка тарбиялоо феноменинин күчтүүлүгү. Адатта, көп балалуу кыргыз үй-бүлөсүндө ынтымак болгондо гана улуу менен кичүүлөр ортосундагы иерархиялык эрежелердин сакталышы жана бакубат жашоо мүмкүн боло тургандыгын жакшы түшүнүшкөн. Ал эми ынтымактуулуктун негизги педагогикалык шарты катары балдарды улууну сыйлоо жана кичүүлөргө кам көрүүнү үйрөтүү эсептелген [6].

Кыргыздын каада-салт, үрп-адаты атадан уулуна, энеден кызына жашоо жолуна багыттап көрсөткөн тарбиясы, муундан муунга өткөн улуу мурасы – байыркы бабалардан келаткан, кыргызды улут катары сактап келген мыйзам ченемдүүлүктөрү. Кыргыз элинин салттары күнүмдүк жыргалчылык үчүн эмес, келечекке кам көрүү үчүн кызмат кылып, традициялар аркылуу ыймандуу, абийирдүү, акыйкаттуу акыл-эстүү, адамгерчиликтүү, кең пейилдүү, эл алдында жоопкерчиликтүү болууга чакырып келген. Кыргыздын каада-салттары жана материалдык маданияты башка элден айырмачылыгын көргөзүп, анын улуттук, этностук өзгөчөлүгүн аныктайт.

Элдин улуттук салттары динден мурда эле түптөлүп, эл-журтка сиңип, укумдан тукумга уланып келе жатса да, элдин тарыхий жашоо-турмушуна, жашаган жерине, алака түзгөн элине, кабыл алган динине байланыштуу өзгөрүүлөргө, алымча-кошумчаларга учурагандары да бир кыйла. Алардын руханий, адеп-ахлак жана дене тарбиясына коркунучу жокторун, кайра аларга көмөктөш болгондорун эл өзүнө эчактан бери сиңирип алууда. Натыйжада, айрым салттарды кийинки кирген жөрөлгөлөрдөн ажыратып кароого эч мүмкүн эмес. Кайра алар мурунку салттарга көрк берип, ажарын ачып турат. Алсак, ислам дининин эли-жериңди, ата-энеңди, улууларды, аялзатын сыйла, кайрымдуу бол, дүйнөгө таза келип, таза кет деген сыяктуу насааттары, элдик салттар менен өздөктөшүп турганын тана албайбыз. Эли-жерин коргоого үндөө, адамдар менен алака түзүп, маданияттуу болууга, тил табыша билүүгө үйрөтүү, улуулардан бата алып, аларды сыйлоо, өз кезегинде аларды дагы жаштарга таалим-тарбия берүүгө үйрөтүү ж. б. элдин жаштарга жол көрсөткүчү болуп саналат.

Окуучулардын жогоруда аталган баалуулук аң-сезимдерин калыптандырууга багытталган ар түрдүү оозеки усулдарды (этикалык темадагы аңгемелешүүлөр, түшүндүрүү, диспуттар, ынандыруу, адептик үлгү-өрнөк көрсөтүү, сынчыл ойломду үйрөтүү, «мээ чабуулу» ж. б.) жана кыргыз этнопедагогикасынын негизинде тарбиялоонун эффективдүү формаларын (тарбия сааттар, кечелер, конкурстар, көргөзмөлөр, жолугушуулар ж. б.) колдонуу окуучулардын ата-энелерине, жакын адамдарына, улууларга жасаган адептик мүнөздөрүн, мамилесинин сапатын күчөтүүгө алып келери шексиз. Мугалимдердин ишмердүүлүгүндө туура тандалып алынган методдор жана тарбияны уюштуруунун формалары балдардын айлана-чөйрөсүндөгү адамдарга, өзгөчө, улууларга карата боорукер, кайрымдуу, сылык, кичипейил, абийирдүү, чынчыл, сабырдуу, айкөл, кечиримдүү болуу сезимдерин калыптандырып, адептүү инсан болуп тарбиялануусун тереңдетүүгө таасир этет [9].

Кыргыз эли өз жашоо тарыхында татаал жолдорду басып өтүп, эли-жерин, өз биримдигин, үрп-адатын, салтын, кылымдар бою түзүлгөн маданиятын көөнөртпөй сактаган.

Ар бир эл өзүнүн традициялары, каада-салты менен таанылган сыяктуу, өздөрүнө тиешелүү болгон улуттук оюндары менен да айырмаланат. Кыргыз элинин улуттук оюндары болуп ордо, тогуз коргоол, кыргыз күрөш, аркан тартыш, оромпой,

дүмпүлдөк, ак чөлмөк, селкинчек, упай, ошондой эле ат оюндары: көк бөрү (улак тартыш), кыз куумай, жорго салыш, ат чабыш, эр оодарыш жана башка түрлөрү эсептелет. Легендаларга ылайык, илгерки көчмөн элдин аңчылары күлүк атын чаптырып карышкырды кубалаганда, биринчи жеткени келтек менен өлтүрүп, өңөрүп качат. Калгандары анын анын артынан жетип, талашууга аракеттенүү менен күчтөрүн, чыдамкайлыгын сынашчу экен. Ошентип, болочок мергенчилерди машыктыруу үчүн текенин тушасын «көк бөрү» деп аталып калган оюн формасында тарткылашып, чабандес менен күлүгүнүн толук биримдүүлүгү, аттарын жөөлөштүрүп экстремалдуу шарттарда башкарууну үйрөтүшкөн экен.

Кыргыздар ат жалында эркин ойноп, көчүп-конуп жүрүүгө ылайык жаралган элдин кулк-мүнөзүнө, улуттук өзгөчөлүгүнө жараша көптөгөн улуттук кыймылдуу оюндарды ойлоп табышкан. Ал оюндар биздин доорго чейин жетип, учурда кээ бирлери социалдык мазмунга жараша өзгөрүлгөн.

Бул оюндардын көпчүлүгүндө элдин ой-тилеги, үмүтү, кубанычы, өкүнүчү, эрдиги, эркиндикке, теңдикке умтулуусу, акыйкат, адилеттик үчүн болгон аракеттер камтылган. Оюндардан этнопедагогиканын мыкты үлгүлөрүн, элдик терең философиялык көз караштарды, улуттук өзгөчөлүктөрдү байкоого болот.

Негизинен, кыймылдуу оюндар калкты дене түзүлүш жактан жеткиликтүү тарбиялоодо, коздукка, сулуулукка умтулууда бирден-бир курал боло аларын эч ким тана албас.

Кыргыз элинин улуттук оюндары боюнча сөз козгогондо, шак эле «Көк бөрү», «Кыз куумай», «Ордо» көз алдыбызга элестетилет. Ал эми дүйнөлүк деңгээлге ат оюндарынан «Көк бөрү» чыккан болсо, логикалык оюндарынан «Тогуз коргоол» оюну эл аралык масштабда ойнолуп жатат.

Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму компьютердик оюндарды психикалык оору деп тааныды. Ага ылайык, айрым учурда электрондук оюндар жашоодогу башка маанилүү кызыкчылыктардан дагы жогору коюлуп жатканы баса көрсөтүлгөн. Адистер компьютердик оюндар, айрыкча, өспүрүмдөр арасында күч алганын айтып, анын алдын алуунун ар кандай жолдорун сунуштап келишет. Кыргыздын улуттук оюндарын жайылтуу жана өнүктүрүү бул көйгөйдү чечүүгө жардам берет, ал тургай, баланын социалдык жөндөмүн өнүктүрүүгө тийгизген таасири чоң экенин айтышат. Маселен, айылда чүкө менен түрдүү оюндарды ала турган болсок, ал баланын көңүл буруусун, таамайлыгын жана жалпы моторикасын жакшыртат.

Белгилүү окумуштуу педагог С. О. Байгазиев өзүнүн публицистикалык макаласында «Манас» эпосундагы кыргыздын Үсөн деген жигити кытайларга өтүп кетип «Көзкаман» деп аталып, императордун буйругу менен Манаска уу бердиргенин жазган. Андан ары кара калмактар кыргызга кол салып, 100 кичине балдарды туткунга алып кетишип, аскердик өнөргө жашыруун тарбиялашып, кайра кыргыздарга каршы жортуулга чыгарышканын баяндаган [2].

Массалык маалымат каражаттарынын биринде төмөнкү акындык саптар чыгыптыр: «Мальборо экен калпагыңдын урааны, / Кытай тамга – көйнөгүңдүн далысы! / Көөдөнүңдө христиандар символу, / Ары жок, эй, кайда кыргыз намысы?», - деп. Ал эми жакында бир каналдын телеберүүсүндө 7-8 кыргыз өспүрүмгө «Эгер кайра төрөлүп калсаң, ким болууну каалайт элең»? – деген суроо берилиптир. Ошондо окуучулар биринин артынан бири: «…француз, америкалык, немис, орус, англичан болгум келет», - дешиптир. Мына бул эгемендүүлүктүн шартындагы «100 жигиттин»

башталышына көз көрүнөө мисал болуп турат. Кыргыз болууну каалабаган кичинекей жүз жигит ушул бойдон чоңоюп, миң жигитке, он-жүз миңге өсүп чыкса, анда бул кыргыз улутун өз эрки менен жок болууга алып келиши мүмкүн. Кудай сактасын дешибиз керек, бирок мындан тышкары, чакан өлкөбүздү каптап жаткан бөтөн маданият (интернеттен, кино, телесериалдар ж. б.), геосаясий күчтөр, бейөкмөттүк уюмдар, диний миссионерлер, глобалдаштыруу саясаты көмөктөшүүдө. Бирок Жараткан «сактангнды сактайм» дейт.

Академик А. Акматалиев: «Бүгүнкү маңкурт байыркы Жоломандан, Совет учурундагы Сабитжандан айырмаланып, өтө билимдүү, илимдүү, байлыктуу, бийликтүү, кытмыр, куу… Ч. Т. Айтматов келечектеги маңкуртту көрөгөчтүк менен көрө билген окшойт», - деп жазган [7]. Ошондуктан мектепке чейинки мекемелер менен башталгыч класстардан баштап жаш муундар, өспүрүмдөр, мектеп бүтүрүүчүлөрү жана ЖОЖдордун студенттерин адилет, чындык, уят, абийир, акыйкат, ыйман-ынсап ж. б. адамгерчилик касиеттер менен ата-бабалардын тарыхы, салт-санаасы жана маданий-педагогикалык мурастарына тарбиялоону жүзөгө ашыруу үчүн күн сайын талыкпай иштөөгө биз, педагогдор, милдеттүүбүз. Профессор С. К. Рысбаев төмөнкүдөй жазган: «Коом мугалимге карап түздөнөт, анын сөзүнөн оңолот, ооруса, айыгат. Демек, коомдун дарыгери – Мугалим, коомду саясатчылар эмес, мугалимдер сактайт!» [8].

Азыркы Кыргызстанда болуп жаткан терең социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдөн улам келип чыккан кризистин шартында унутта калган руханий баалуулуктарды жана жаштарды тарбиялоодогу көрсөтмөлөрдү калыбына келтирүү түпкү максат болуп саналат.

**Адабияттар:**

1. Айтматов Ч. Т. Чыгармалар жыйнагы, 8-тому. -Бишкек, 2014. - 365 б. Измайлов А. Э. Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана. - М.: Педагогика, 1991. - 400 с.
2. Байгазиев С. О. Манас руху көзкаманчылыкка, маңкуртчулукка жана «жүз жигитке» каршы // Факты – kg. - № 3(86). 9.02.2021.
3. Данилюк А. Я., Кондаков А. М., Тишков В. А. Концепция духовно-нравственного развития и воспитания личности гражданина России. - М., 2009.
4. Дьюи Дж. Демократия и образование / Пер. с англ. - М., 2000.
5. Маслоу А. Новые рубежи человеческой природы / Пер. с англ. Г. Балл и А. Погребского. - М.: Смысл, 1999.
6. Асипова Н. А. Билим берүү жана тарбиядагы этнопедагогикалык парадигма / Заманбап билим берүү парадигмалары. - Бишкек: Камилла принт, 2019. - 362 б.
7. Акматалиев А. Балдарга арналган салт жана ырым-жырымдар. - Бишкек, 2000. - 124 б.
8. Рысбаев С. К. Кыргыздын элдик таалим-тарбия методдору жана принциптери. - Бишкек, 2007. - 7 б.
9. Жуматаева А. С. Улуулар алдында ийменүү – тарбия көргөндүгүнүн негизги көрсөткүчү катары // ОшМУнун Жарчысы, атайын чыгарылыш. - 2017. - 72-75 бб.
10. Мааткеримов Н. О., Сулайманов С. Э. Келечектеги дене тарбия мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу //Вестник Иссык Кульского университета. - 2018. - № 46. - 139-144 бб.